# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
# КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН СУДЬЯЛАР КОЛЛЕГИЯСЫНЫН
# АНЫКТАМАСЫ

Алтынбүбү Назатаевна Калматованын кызыкчылыгын көздөгөн Жумалы уулу Кутманбектин өтүнүчүн өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө

2024-жылдын 15-майы Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын төмөнкү курамы: Л.Ч. Жолдошева, Ч.А. Айдарбекова, М.Ш. Касымалиев, катчы С.А. Джолгокпаеванын катышуусу менен А.Н. Калматованын кызыкчылыгын көздөгөн К. Жумалы уулунун кайрылуусун карап чыгып, төмөнкүлөрдү

**Т А П Т Ы:**

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотуна 2024-жылдын 17-апрелинде А.Н. Калматованын кызыкчылыгын көздөгөн К. Жумалы уулунун Кыргыз Республикасынын Суу кодексинин 85-статьясын, Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 92-статьясын Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 5-беренесинин 1-бөлүгүнө, 6-беренесинин 1, 2, 5-бөлүктөрүнө, 16-беренесинин 1, 2-бөлүктөрүнө, 17-беренесинин 1-бөлүгүнө, 23-беренесинин 3-бөлүгүнө, 24-беренесинин 1-бөлүгүнө, 35-беренесине, 53-беренесинин 1-бөлүгүнө, 55-беренесине, 56-беренесинин 1, 2-бөлүктөрүнө карама-каршы келет деп таануу жөнүндө өтүнүчү келип түшкөн.

Өтүнүчтөн жана ага тиркелген материалдардан келип чыккандай, 2013-жылдын 12-августунда Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Суу ресурстары мамлекеттик агенттигинин Чүй мамлекеттик бассейндик суу чарба башкармалыгынын жана жеке ишкер А.Н. Калматованын ортосунда №42 сандуу эки тараптуу узак мөөнөттүү ижара келишими түзүлгөн. Ага

ылайык Лебединовка айыл өкмөтүнүн аймагындагы Алтын-Ордо көчөсүнүн жанындагы Чыгыш чоң Чүй каналынын жээгинен көрктөндүрүү жана жашылдандыруу, ошондой эле жеңил конструкциядагы объекттерди куруу үчүн жалпы аянты 2,05 га болгон жер тилкеси А.Н. Калматовага ижарага берилген.

Арызданууучунун айтымында, А.Н. Калматова банкттан ири суммада насыя алып, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинин алдындагы Шаар куруу жана архитектура мамлекеттик мекемесинен жеңил реконструкцияда курулуш куруугa уруксат кагазын алып, ошол ижарага алган жер тилкеде жакын жашаган тургундардын балдарына балдар аянтчасын куруп, ижара акысынан сырткары пайда салыгын жана башка төлөмдөрдү төлөп, мамлекеттин бюджетине бир аз болсо да өз салымын кошуп келген.

Бирок, Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасы тарабынан адам укугу эске алынбай, кайрылуучу тараптын тарткан чыгымдарына карабай жүргүзүлгөн текшерүүнүн негизинде талашылып жаткан ченемдердин талабы аткарылган эмес деген негиз менен жана мамлекеттик органдардын кызмат адамдарынын кылмыштуу кыймыл аракеттеринен улам мамлекеттин мыйзам менен корголгон жерге ээлик кылуу жана жерди өз багытында иштетүү боюнча кызыкчылыктарды одоно бузулгандыктан ижара келишимди жараксыз деп табуу доо арызын Чүй облусунун Аламүдүн райондук сотуна берилген. Жыйынтыгында аталган сот тарабынан ижара келишими жараксыз деп табылган. Ошондой эле, апелляциялык жана кассациялык инстанция биринчи инстанциянын кабыл алган чечимин өзгөртүүсүз калтырган.

Кайрылуу субъектисинин пикиринде, Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 92-статьясында жана Суу кодексинин 85-статьясынын 1-пунктунда Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн чечиминин негизинде Суу фондуна тиешелүү жер тилкелери убактылуу пайдаланууга берилиши мүмкүн деп күмөн жаратып, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн чечиминин негизинде кайсы багыттагы жерлер убактылуу пайдаланууга берилиши

мүмкүн экендиги так көрсөтүлбөй жана Өкмөттүн алдындагы ведомстволук мекеменин оперативдүү башкаруусуна бекитилип берилген жер тилкелери, Өкмөттүн чечимисиз канча мөөнөткө жана канча гектарга чейин ижарага бериле тургандыгы ачык көрсөтүлгөн эмес деп эсептейт.

Арыз ээси Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Суу ресурстары мамлекеттик агенттигинин Чуй мамлекеттик бассейндик суу чарба башкармалыгы менен жеке ишкер А.Н. Калматованын ортосунда келишимдин шарттарын түзүүдө мыйзамдын талаптары так сакталган деп белгилейт.

Жогоруда баяндалгандын негизинде, кайрылуу субъектиси талашылып жаткан ченемдерди конституциялуу эмес деп таанууну суранууда.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясы кайрылууну жана ага тиркелген материалдарды изилдеп чыгып, “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” конституциялык Мыйзамдын 30-беренесинин 2-бөлүгүнүн негизинде текшерүү жүргүзгөн судья-баяндамачы Л.Ч. Жолдошеванын маалыматын угуп, төмөнкү тыянакка келди.

2023-жылдын 19-сентябрында жана 24-октябрында А.Н. Калматованын кызыкчылыгын көздөгөн К. Жумалы уулу Конституциялык сотко ушундай эле арыз менен кайрылган, аны кароонун жыйынтыгы боюнча Конституциялык соттун судьялар коллегиясынын 2023-жылдын 17-октябрында жана 9-ноябрындагы аныктамасы менен арыз ээсине “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” конституциялык Мыйзамда көрсөтүлгөн конституциялык контролдоо органына кайрылууга жол берилүүчү талаптарга ылайык келбегендиктен жана талашылып жаткан ченемдер менен Конституциянын тиешелүү ченемдеринин арасында тутумдук укуктук байланыш жок экенинин, арызданoccuчу укуктук мүнөздөгү эмес фактологиялык жүйөлөрдү, тактап айтканда, укук коргоо органынын жана жалпы юрисдикциядагы соттордун укук колдонуу тажрыйбасындагы маселелерин баяндаганынан улам, мындай жагдайда талашылып жаткан

ченемдер аныксыздыкты жаратпайт деп арыз ээсинин кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуудан баш тарткан (19, 26, 27, 28 жана 30-беренелер).

Ошону менен бирге, соттук коллегия келтирилген өтүнүчтө Кыргыз Республикасынын Жер жана Суу кодекстеринин А.Н. Калматованын кызыкчылыгын көздөгөн К. Жумалы уулунун буга чейинки эки кайрылуусунда да талашылып жаткан беренелерин Конституциянын мурда көрсөтүлгөн эле беренелерине ылайык келүүсүн текшерүү маселеси козголуп жатканын белгилейт.

Ошондой эле, бул өтүнүч мурунку өтүнүчтүн мазмунун кайталап, талашылып жаткан ченемдерге тийиштүү жаңы аргументтерди жана жүйөлөрдү камтыбагандыктан “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” конституциялык Мыйзамдын 30-беренесинин 3-бөлүгүнүн 6-пунктуна ылайык өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу үчүн негиз болуп саналат.

Жогоруда аталган тыянактардын негизинде, “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 30-беренесинин 2-бөлүгүн, 3-бөлүгүнүн 1, 6-пункттарын жана 5- бөлүгүн жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясы

**А Н Ы К Т А Д Ы:**

1. Алтынбүбү Назатаевна Калматованын кызыкчылыгын көздөгөн Жумалы уулу Кутманбектин Кыргыз Республикасынын Суу кодексинин 85-статьясын, Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 92-статьясын, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 5-беренесинин 1-бөлүгүнө, 6- беренесинин 1, 2, 5-бөлүктөрүнө, 16-беренесинин 1, 2-бөлүктөрүнө, 17- беренесинин 1-бөлүгүнө, 23-беренесинин 3-бөлүгүнө, 24-беренесинин 1- бөлүгүнө, 35-беренесине, 53-беренесинин 1-бөлүгүнө, 55-беренесине,

56- беренесинин 1, 2-бөлүктөрүнө карама-каршы келет деп таануу жөнүндө өтүнүчү өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартылсын.

2. Өтүнүч жана ага тиркелген материалдар арыз ээсине кайтарылып берилсин.

3. Аныктама тараптар жагынан үч айдын ичинде Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотуна даттанылышы мүмкүн.

Судьялар коллегиясы: Л.Ч. Жолдошева

Ч.А. Айдарбекова

М.Ш. Касымалиев

№ 19-о